# Анвар кантип досторун тапты?




Автор: Ольга Стародубова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Арууке Исакова

# Анвар кантип досторун тапты?

Автор: Ольга Стародубова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Арууке Исакова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Анвар кантип досторун тапты» (кыргыз тилинде),
автор Ольга Стародубова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Арууке Исакова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Анвар кеч ойгонду. Анан ал терезеге көңүлсүз карады. Тургусу келбеди. “Ушинтип кечке жатайын. Аянтта мен кылар иш жок” – деп кечээки кечти ойлоп оор улутунду.

Балдар аянтта ойноп жатышкан болчу. Анвар четте турган. Ал чекесин тырыштырып унчукпай карап турган. Ильгиз топту баскетболдун корзинасына салууга аракеттенип жаткан. Топ кыйгач өтүп кетти. Анвар ага карата оюн айтууну чечти:

– Ушинтип да ыргытасыңбы? Сен эмне корзинаны көрбөй турасыңбы? Өйдө ыргыт да!

– Спортсмен боло калдыңбы! – деп Илгис жооп берди да, тилин чыгарып койду. Алия аны көрүп күлүп жиберди. Анвардын колунда жарымын тиштеген алма бар болчу. Алия ошондо мындай деди:

– Биз сени менен ойнобойбуз. Жогол!



Анвардын көзүнө жаш тегерене түштү. Ал атасына телефон чалды:

– Ата, үйгө кетем, өйдө чыгууга жардам берчи.

– Уулум, сага эмне болду?

– Мына бул балдар ачуулуу экен!  Алар мени менен ойногусу келбейт.

Кечки тамакты унчукпай отуруп ичти. Табити да тартпады. Ал жүрөгү кысылып, уктоого жатты…





Анын бөлмөсүнө атасы баш бакты.

– Анвар, кутман таның менен! Тамак ичүүгө  убакыт болду.

–  Макул, ата.

Жуунчу бөлмөдөгү күзгүдөн өзүнүн маанайы пас кебетесин көрдү. Тамак ичкенден кийин китеп окуп, сүрөт тартты.

Бир убакта апасы келип, жанына отурду.

– Уулум, сен эмне кара калем менен гана сүрөт тартып жатасың? Сенин көңүлүң ооруп турабы?

– Апа, мен балдар менен чогуу ойногум келет, а алар мени кубалай беришет.

– Анвар, сени балдар эмне үчүн оюнга кошпой жатышат?

– Анткени алар ачуулуу, жаман...

– А сен балдар сага мамилесин өзгөртүшү үчүн эмне кыла аласың?

Анвар ойлонуп калды. Ал чын эле, эмне кыла алмак?

– Билбейм...

Апасы аны ийнинен акырын кучактады.

– Көзүңдү жум да, өзүңдүн жүрөгүңдөн күндү издечи. Ал сага жарык чачат жана жылытат, ак ниеттүүлүк менен боорукерлик кылууга жардам берет. Аны сен тарткан сүрөттөрүңө жана ар бир баштаган ишиңе түшүр. Сен анын кандай жардам берерин байкайсың.

Анвар көзүн жүлжүйтө жумуп, унчукпай отуруп калды. Тетиги жакта эмне көрүнүп жатат?





Кичинекей күн жаркырап көрүндү.

– Апаке, мен күндү таптым! Мен анын жылуулугун сезип жатам!

Ал түстүү калемдерди колуна алды. Анын тарткан сүрөттөрү күн желесинин түстөрүндөй жаркырап чыкты. Бир сүрөтүндө ал өзүн балдардын арасында тартты. Баарынын жүзүндө – жылмаюу. Анын маанайы ачыла түштү.



Ал картошканы  өзү  аарчып, түшкү тамакты жасоого апасына жардам берди. Сейилдеп жүргөндө балдардын футбол ойногонуна кызыгып карап жатты. Бул убакта күн булутка жашынып калган, ошентсе да, Анвар анын жылуу нурларын сезип жатты. “Мен азыр эмне кылсам болот?” – деп ойлоп да жатты...




– Балдар, силер абдан жакшы ойнодуңар! Азаматсыңар! Ильгиз, сен мыкты дарбазачы турбайсыңбы!

– Анвар, биз менен ойногуң келеби?

– Ойногум келет!

Ильгиз жылмая карап, Анварга колун сунду. Балдар кезеги менен майыптын коляскасын аянттын жолу менен түртүп жүрүштү. Алия ага топту ыргытты. Анвар шамдагайлык менен топту тосту да, кайра ыргытты. Бала  кубанычтуу күлгөндө анын жүрөгүнө күн тийгендей жарык боло түшкөнсүдү. Балдар дагы ага күлө карашты. Анвар өзүн абдан бактылуу сезди.



Эртеси эртең менен Анвар эрте ойгонду.

– Күн, саламатсыңбы! – ал терезеге кубанычтуу карап колун сермеди.

Жуунчу бөлмөдө күзгүдөн өзүн көрүп жылмая карады. Күндүн нурлары көзүнө чагылышты.

Жашоо кандай сонун!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Айгуль Джапарова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Арууке Исакова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли